# ДОСТУКТА БИЗДИН КҮЧҮБҮЗ!

**2023-2024-ОКУУ ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫНА КАРАТА 1-4-КЛАССТАР ҮЧҮН БИРИНЧИ САБАКТЫН БОЛЖОЛДУУ СЦЕНАРИЙИ**

**Сабактын максаты:**

**Окуучулардын конструктивдүү коммуникация көндүмдөрүн жана инсандар аралык өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү.**

**Милдеттери:**

- достук деген сөздүн маанисин ачып берүү;
- биздин жашообузда достуктун ордун көрсөтүү;
- ынтымактуу класс коллективди түзүүгө шарт түзүү.

**Окуучулар:**

- "достук", "дос" деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүшөт;
- жашоодогу достуктун маанисин аныкташат;
- башкалардын алдында жоопкерчиликти алууга жана бири-бирин урматтоого чечим кабыл алышат;
- класста ынтымактуу команда үчүн эрежелерди иштеп чыгышат.

**Методдор:** түшүндүрүү, топтук иш.

**Ресурстар:** ыр, макал-лакаптар, карточкалар, ромашка гүлү, аудио-видео, плакат, сүрөт, жүрөкчө түрүндө чаптамалар же карточкалар.

**Сабактын жүрүшү:**

**Мугалим:** - Бүгүн кандай сонун күн! Балдар, келгиле, тегерете тургула, бири-бириңерге жылмайып, көңүлүңөрдү көтөргүлө. "Достук" ырын угалы ***(Керемет көч, Достук ырын угуу)***.

**Тапшырманы аткаруу үчүн QR кодду ачып пайдаланыңыз. Үлгү катары колдонсоңуз болот.**



**Талкуу үчүн суроолор:**

- Бүгүнкү сабакта эмне жөнүндө сүйлөшөбүз? Туура! Биз Достук жөнүндө сүйлөшөбүз.

- Балдар, келгиле, достук жөнүндө кененирээк билүү үчүн үч топко бөлүнөбүз. ***(Топко бөлүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонсоңор болот)***.

**1-Тапшырма.** "Чаташтырылган сүйлөм". Берилген сөздөрдөн макалды чогултуп, доскага чаптагыла.



Мугалим чакан топторго достук жөнүндө макал-лакаптарды түзүү үчүн сөздөрү бар конверттерди таратат. Ар бир топ конверттеги сөздөрдөн макалды чогултат.

**1-топко:** "Дос досту кыйынчылыкта таштабайт, дос доско жанын кошот".

**2-топко:** "Жүз сомуң болгуча, жүз досуң болсун".

**3-топко:** "Дос – сенин күзгүң".

**Мугалим:** - Азаматсыңар, балдар, биринчи тапшырманы аткардыңар.

**2-Тапшырма.** Аңгемени окуп, тапшырманы аткаргыла. (Аңгеменин толук версиясы "Окуу керемет – платформасында", https://kitep.edu.gov.kg/kg/view/1115, автору А.Джакыпбекова).

**Менин досум Нурбек**

**1-сүрөт. Достор**

Бир жыл мурун, сентябрь айында биздин класска бир нече жаңы окуучу келген. Бир кыз жана эки бала. Алардын бирин менин жаныма отургузушту. Ал бала кызык болчу. Анын көз айнеги калың эле, көз айнектен көздөрү чоң көрүнчү. Мага бир аз күлкүлүү көрүндү. Ал бала дагы бир кызыктай басчу.

Коңгуроодон кийин туруп, биз тыныгууга чыктык.

- Сенин атың ким? - Мен жаңы кошунамдан сурадым.

- Нурбек.

– Менин атым Мирлан.

Бири-бирибизге колубузду сундук.

- Жүр, ашканага баралы, - деп сунуштадым.

– Сен бар, мен бара албайм, - деп жооп берди Нурбек.

— Эмнеге бара албайсың?

Нурбек уялып, кызарып, бирдеме кобурады. Мен ашканага чуркап кеттим.

Бир күнү сабактан кийин досторум мени чакырып калышты: - Мирлан, жүр футбол ойнойлу. - Нурбек, жүр, бизди колдойсуңбу? Мен кошунамдан сурадым. Ал башын чайкады. Тажатма экен, деп ойлоп, досторум менен мектептин талаасына чуркап жөнөдүк. Балдар менен талаада ойноп жүргөндө, Нурбек бир чоң апа менен жолдо жай басып баратканын көрдүм. Ал апа Нурбекти колунан жетелеп баратты.

Бир жолу бизде математикадан жаңы тема болду. Маселе кантип чечилерин түшүнө албадым, бирок Нурбек мага жардам берди. Нурбек күндө сабактан кийин мага оор темаларды түшүндүрүп берчү. Бир айдын ичинде мен математиканы жакшыраак түшүнө баштадым. Ал эми биринчи жолу чейректе "беш" деген баа алдым.

Биз билинбей дос болуп кеттик. Нурбекке ашканадан пирожки алып келчүмүн, ал мага чоң апасы жасап берген термостогу компоттон берчү. Бир жолу Нурбек ооруп калып, бир нече күн келбей калды. Мен досторум менен анын үйүнө бардым. Ал чоң апасы менен жашачу. Нурбектин бөлмөсүндө көптөгөн китептер жана учактар бар болчу. Кээ бир учактар алыстан башкаруу менен уччу. Аларды Нурбек өзү жасаган.

Биз бассейнге чогуу бара баштадык. Нурбек алгач коркуп, баллон менен сүзчү.

Жарым жылдан кийин ал сонун сүзүп калды, ал тургай бою да өстү. Азыр экөөбүздүн боюбуз бирдей.

**1-КАДАМ:** Топтордо тапшырманы аткаргыла.

**1-Топ:** Нурбекти сүрөттөгүлө.

**2-Топ:** Нурбек менен Мирланды салыштыргыла.

**3-Топ:** Достук дегенди кандай түшүнөсүңөр? Оюңарды билдиргиле.

**2-КАДАМ:** Тапшырманы көрсөтүү формасын тандагыла: ыр, сүрөт, схема, сахналаштыруу, жазуу жооп, видеоролик.

Топтор иштерин презентациялайт.

**3-Тапшырма.** Келгиле, биздин класс үчүн достуктун эрежелерин иштеп чыгалы. Ар бир топтон 1 идея сунуштап, Ромашка гүлүнө жазгыла. Мисалы,

1. Кубанычыңды досуң менен бөлүш.
2. Досуңдун кемчиликтерине жана каталарына күлбө.
3. .....

**Тапшырманы аткаруу үчүн QR кодду ачып пайдаланыңыз. Үлгү катары колдонсоңуз болот.**

**ЖЫЙЫНТЫКТОО**

**Мугалим:** - Балдар, ар дайым бири-бирибизге боорукер болуп, бири-бирибизди сыйлайбыз деп ойлойм. Бирге жазган достук эрежелерин сактайбыз.

Ал эми парталарда турган жүрөкчөлөргө, эң сонун сөздөрдү жазып, досторуңарга тартуулагыла.

# В ДРУЖБЕ НАША СИЛА!

**СЦЕНАРИЙ ПЕРВОГО УРОКА ДЛЯ 1-4 КЛАССОВ К 1 СЕНТЯБРЯ 2023-2024 УЧЕБНОГО ГОДА**



**Цели урока:**

**- содействовать формированию у учащихся конструктивных, коммуникативных навыков общения и межличностного взаимодействия.**

**Задачи**:

- раскрыть значение слова "Дружба";
- показать, какое место занимает "Дружба" в нашей жизни;
- способствовать созданию сплаченного коллектива.

**Учащиеся:**

- описывают значение слова «дружба», «друг»,
- определяют значение дружба в нашей жизни,
- вырабатываюь чувство ответственности за окружающих и уважение друг к другу,
- вырабатывают правила дружного коллектива в классе.

**Методы:** объяснение, командная работа.

**Ресурсы:** стихи, пословицы, карточки, рисунок ромашки, аудио-видео материалы, плакаты, картинки, наклейки или открытки в виде сердечек.

**Ход урока:**

**Учитель: -** Какой сегодня чудесный день! Я приглашаю вас в наш «круг радости» для того, чтобы вы весело поприветствовали друг друга и подняли себе настроение. Давайте послушаем песню «Дружба» ***(прослушивание песни Дружба»).***

**Откройте QR код через свой смартфон. Для выпонения задания можете использовать материал как образец.**

*Если с другом вышел в путь, если с другом вышел в путь,*
*Веселей дорога.*
*Без друзей меня чуть-чуть, без друзей меня чуть-чуть,*
*А с друзьями много.*
*Что мне снег, что мне зной, что мне дождик проливной,*
*Когда мои друзья со мной.*
*Что мне снег, что мне зной, что мне дождик проливной,*
*Когда мои друзья со мной.*
*Там, где трудно одному, там, где трудно одному,*
*Справлюсь вместе с вами.*
*Где чего-то не пойму, где чего-то не пойму,*
*Разберем с друзьями.*
*Что мне снег, что мне зной, что мне дождик проливной,*
*Когда мои друзья со мной.*
*Что мне снег, что мне зной, что мне дождик проливной,*
*Когда мои друзья со мной.*



Дети, прослушав песню «Дружба», отвечают на вопрос:

- О чем мы с вами будем говорить на сегодняшнем уроке? Правильно! Мы поговорим о Дружбе. на урок будет посвящен теме дружбы между людьми.

- Теперь мы разделимся на три группы. ***(Можно использовать различные приемы разделения на группы)***

**Задание 1.** Из слов в конверте составьте пословицу и прикрепите на доске.

Учитель раздает группам конверты со словами, чтобы составить пословицы о дружбе в малых группах. Объясняет условия задачи. (Каждая команда собирает пословицу из имеющихся слов в конверте)

**1-й команде** «Друга ищи, а найдёшь – береги».
**2-й команде:** «Не имей сто рублей, а имей сто друзей».
**3-й команде:** «Друг – твое зеркало».

**Учитель:** Молодцы ребята, с первым заданием вы справились.

**Задание 2 .** Прочитайте рассказ. Выполните задания (полная версия рассказа на платформе "Окуу керемет" https://kitep.edu.gov.kg/kg/view/1115, автор А. Джакыпбекова).

**Мой друг Нурбек**

**Рисунок 1. Друзья**

Год назад в сентябре в наш класс пришли несколько новеньких. Девочка и два мальчика. Одного из них посадили со мной. Он был странный. У него были толстые очки, и через стекла очков его глаза казались огромными. Мне стало немного смешно. Ещё он как-то странно ходил, медленно и немного приседая.

После звонка мы встали и пошли на перемену.

– Тебя как зовут? – спросил я своего нового соседа.

– Нурбек.

– А меня Мирлан.

Мы протянули друг другу руки.

– Пошли в столовую, – предложил я. – Ты иди, я не смогу, – ответил Нурбек.

– А почему не сможешь?

Тут Нурбек смутился, покраснел и что-то пробормотал. Я побежал в столовую.

Через несколько дней после уроков друзья позвали меня: – Мирлан, пошли в футбол поиграем. – Нурбек, пойдем, поболеешь за нас? – попросил я своего соседа. Он покачал головой. Зануда какой, подумал я, и мы с друзьями побежали на школьное поле. Мы уже играли на поле, когда я увидел Нурбека, который медленно шел по аллее с какой-то старушкой. Она держала его за руку.

Как-то у нас была новая тема по математике. Я не мог понять, как она решается, а Нурбек мне помог. Каждый день после уроков Нурбек объяснял мне трудные темы. Уже через месяц я стал понимать математику намного лучше. И впервые получил пятерку за четверть.

Мы незаметно подружились. Я приносил Нурбеку пирожки из столовой, а он угощал меня компотом из термоса, который давала ему его бабушка. Один раз Нурбек заболел и пропустил несколько дней. Я с друзьями пришел к нему домой. Он жил с бабушкой. В комнате у него было много книг и самолётиков. Некоторые самолётики с пультом управления. Нурбек сам их делал.

Мы вместе стали ходить в бассейн. Нурбек сначала боялся и плавал с баллоном.

Через полгода, он классно плавает, да еще и вырос. Теперь мы с ним одного роста.

ШАГ 1: Выполните задание в группах.

**Группа 1:** Опишите Нурбека.

**Группа 2:** Сравните 2-х друзей: Нурбека и Мирлана.

**Группа 3:** Выскажите своё мнение: Что такое дружба?

ШАГ 2: Выберите форму представления результата: стих, рисунок, схема, инсценировка, письменный ответ, видеоролик.

Группы презентуют свои работы.

**Задание 3.** Давайте выработаем правила дружбы для нашего класса. Предложите 1 идею от группы. Напишите идею на лепестке ромашки.

1. Разделяй свою радость с другом.
2. Не смейся над другом за его недостатки и ошибки.
3. .....

**Откройте QR код через свой смартфон. Для выпонения задания можете использовать материал как образец.**

**ЗАКЛЮЧЕНИЕ**

**Учитель: -** Я думаю, что мы с вами станем друг к другу добрее, будем уважать друг друга. И будем выполнять правила дружбы, которые мы с вами написали.

А теперь на партах лежат сердечки, напишите самые прекрасные слова и подарите своим друзьям.

А. БАКИЕВА,
заведующая лабораторией дошкольного и начального школьного образования КАО

# САНАРИПТЕШТИРҮҮ МЕНИН ЖАШООМДО

**1-СЕНТЯБРГА КАРАТА 5-6-КЛАССТАР ҮЧҮН БИРИНЧИ САБАКТЫН БОЛЖОЛДУУ СЦЕНАРИЙИ**

**Сабактын максаты:** Окуучулардын жашоосунда санариптепштирүүнүн мааниси жөнүндө билимдерди калыптандыруу.

**Окуучулар:**

- адамдын жашоосундагы санариптештирүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баяндайт,
- виртуалдык жана реалдуу баарлашууда этикалык жүрүм-турумдун маанисин түшүндүрөт,
- медиа мейкиндигинде баарлашуу эрежелерин сактайт.

**Негизги түшүнүктөр:** санариптештирүү, тармактык этикет, кастык тили.

**Санариптештирүү** - жашоодо жана жумушта интернетти, компьютерди, мобилдик тиркемелерди колдонуу.

**Тармактык этикет** - интернетте, виртуалдык баарлашууда адамдардын жүрүм-турум эрежелери.

**Кастык тили (Хейт)** – адамды/адамдарды расасына, жынысына, коомдогу абалына жана башка айырмачылыктарына байланыштуу жек көрүүнү билдирүү.

**Иштөө ыкмалары:** мээге чабуул, жупта иштөө, талкуу.

**Ресурстар:** интернет, уюлдук телефондор.

**Сабактын жүрүшү:**

**1-тапшырма:** - Балдар, сүрөттөрдүн уюлдук телефонго кандай тиешеси бар? Жебелер менен байланыштыргыла, жообуңарды түшүндүргүлө, мисал келтиргиле. (Мугалим үчүн: доскада уюлдук телефондун сүрөтү бар).



















**2-тапшырма:** - Текстти уккула ***(мугалим текстти окуп берет)***. Тапшырмаларды аткаргыла.

**Жашоодогу санариптештирүү**


**Санариптештирүү** – бул жашообуздагы көп нерселерди жеңилдетүү жана ыңгайлуу кылуу үчүн компьютерлерди жана интернетти колдонуу. Ал Кыргызстанда эле эмес, дүйнөнүн бардык жеринде өтүп жатат. Биз азыр компьютерлерди жана телефондорду соода кылуу, иштөө жана баарлашуу үчүн колдоно алабыз.

Санариптештирүү адамдарга тезирээк иштөөгө жана көбүрөөк жумуш аткарууга жардам берет. Ошондой эле ал дүкөндөргө жана ресторандарга жаңы кызматтарды сунуштоого жардам берет. Дарыгерлер компьютерди колдонуп, оорулууларды дарылап, адамдардын өмүрүн сактап калышат. Бейтаптар онлайн режиминде дарыгердин кабыл алуусуна жазылат жана узун кезек күтпөйт.

Санариптештирүү дүйнөнү чынчыл жана адилеттүү кылууга жардам берет. Кыргызстандын ар бир жараны «Түндүк» сайтына кирсе үйү, унаасы, иши тууралуу керектүү маалыматтарды ала алат. Санариптештирүү алдамчылыктан жана паракорчулуктан алыс болууга жардам берет, анткени жаран электрондук порталда керектүү документтерди түзө алат. Мисалы, балдарды 1-класска, бала бакчага каттоонун электрондук кезеги бар. Окуучулар үчүн электрондук окуу китептери да бар, аларды жүктөп алып, үй тапшырмасын аткарууга болот. Кошумча видео сабактар теманы өз алдынча изилдөөгө жардам берет.

Бул өзгөрүүлөрдүн баары жашообузду жакшыртат. Келечекке даяр болуу үчүн компьютерлерди жана интернетти колдонууну үйрөнүшүбүз керек. Алар бизге көп нерсени жасоого жана көп нерсеге жетишүүгө жардам берет.

"Түндүк" порталына өткүлө. Бул порталдан жарандар кандай кызматтарды ала алат? **https://portal.tunduk.kg/site/show/217**




Электрондук китепкананын веб-сайтына өткүлө. Бул порталдан жарандар кандай кызматтарды ала алышат? **https://kitep.edu.gov.kg/ru/catalog**

***Жалпы талкуулоо үчүн суроолор:***

- Санариптештирүү деген эмне?
- Санариптештирүү элдин жумушуна кандай таасир этет?
- Санариптештирүү мектеп окуучулары үчүн кандай пайдалуу?
- Санариптештирүү бейтаптарга кандай пайда алып келет?
- Санариптештирүү коомдун адилеттүү жана чынчыл болушуна кандай салым кошот?
- Компьютер жана интернет адамдардын жашоосунда кандай роль ойнойт?

**3-тапшырма:** Жупта иштөө. Интернет байланыш эрежелери.

**Мугалимдин сөзү:** Балдар, биз интернет аркылуу байланышууда баарлашуу эрежелерин – тармактык этикетти сакташыбыз керек. Бул эрежелер жөнөкөй жана чыныгы жашоодогу баарлашуу эрежелерине окшош. Интернетте сылык баарлашып, өз пикириңерди негиздеп, башкалардын пикирин сыйлашыңар керек. Социалдык тармактарда кастык тилине (Хейт) жол берилбейт, б.а. кимдир бирөөнүн кемчиликтерин шылдыңдоо, кемсинтүү, жалаа жабуу, алдоо. Интернет байланыш үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет. Бирок бул дагы чоң жоопкерчиликти билдирет. Берилген эрежелерди сактабоо терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн.




Келгиле, азыр тармактык этикеттин эрежелерин үйрөнөлү. Медиасабак сайтына өткүлө: **https://mediasabak.org/ru/games/**. Келгиле, «Space adventures» оюнун ойнойлу.

**Жыйынтык:** Санариптештирүү Кыргызстанда гана эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө адамдардын жашоосун жакшыртууда маанилүү роль ойнойт. Ал биздин жашообузду жеңилдетет, ыңгайлуурак жана натыйжалуу кылат. Келечекке даяр болуу үчүн компьютерлерди жана интернетти жоопкерчиликтүү колдонууну үйрөнүү маанилүү!

**4-тапшырма. Рефлексия.**

Сүйлөмдү уланткыла:

Мен ... билдим.

Мага... кызык болду.

Мен ... кыла алам.

# ЦИФРОВИЗАЦИЯ В МОЕЙ ЖИЗНИ

**СЦЕНАРИЙ ПЕРВОГО УРОКА К 1 СЕНТЯБРЯ ДЛЯ 5-6 КЛАССОВ**

**Цель урока:** Сформировать знания о важности цифровизации в жизни учащихся

**Учащиеся:**

- описывают возможности цифровизации в жизни человека,
- объясняют важность этического поведения в виртуальном и реальном общении,
- выполняют правила общения в медиапространстве.

**Основные понятия:** цифровизация, сетевой этикет, язык вражды.

**Цифровизация** – использование интернета, компьютера, мобильных приложений в жизни и для работы;

**Сетевой этикет** – правила поведения людей в интернете, в виртуальном общении;

**Язык вражды (Хейт)** – выражение ненависти к человеку/людям из-за их расы, пола, статуса в обществе и других различий.

**Методы работы:** мозговой штурм, работа в парах, обсуждение.

**Ресурсы:** интернет, сотовые телефоны.

**Ход урока:**

**Задание 1:** - Ребята, как связаны картинки с сотовым телефоном? Соедините стрелками, объясните свой ответ, приведите пример. *(Для учителя: на доске расположена картинка сотового телефона).*











**Задание 2:** Послушайте текст (учитель читает текст). Выполните задания.

**Цифровизация в жизни**


**Цифровизация** – это использование компьютеров и интернета, чтобы делать множество вещей в нашей жизни легче и удобнее. Она происходит не только в Кыргызстане, но и во всем мире. Теперь мы можем использовать компьютеры и телефоны для покупок, работы и общения.

Цифровизация помогает людям работать быстрее и делать больше работы. Она также помогает магазинам и ресторанам предлагать новые услуги. Врачи могут использовать компьютеры, чтобы лечить больных и спасать жизни. Пациенты записываются на приём онлайн и не стоят в длинных очередях к врачу.

Цифровизация также помогает сделать мир более честным и справедливым. Любой гражданин Кыргызстана может получить нужные справки о своём доме, машине, о своей работе, если зайдет на сайт «Түндүк». Цифровизация помогает избежать мошенничества и взяточничества, потому что гражданин может оформить нужные ему документы на электронном портале. Например, есть электронная очередь записи детей в 1-й класс, в детский сад. Для школьников также есть электронные учебники, которые можно скачать и делать домашнее задание. Дополнительные видео уроки помогают изучить тему самостоятельно.

Все эти изменения делают нашу жизнь лучше. Мы должны учиться пользоваться компьютерами и интернетом, чтобы быть готовыми к будущему. Они могут помочь нам сделать больше и достичь лучших результатов.

Зайдите на портал «Түндүк». Какие услуги могут получить граждане на этом портале? **https://portal.tunduk.kg/site/show/217**




Зайдите на сайт Электронная библиотека. Какие услуги могут получить граждане на этом портале? **https://kitep.edu.gov.kg/ru/catalog**

**Вопросы для общего обсуждения:**

- Что такое цифровизация?
- Как цифровизация влияет на работу людей?
- Как цифровизация может быть полезна для школьников?
- Какую пользу цифровизация приносит пациентам?
- Как цифровизация способствует более справедливому и честному обществу?

Какую роль играют компьютеры и интернет в жизни людей?

**Задание 3:** Работа в парах. Правила общения в интернете.

**Для учителя:** Ребята, когда мы общаемся в интернете, то должны соблюдать правила общения - Сетевой этикет. Эти правила просты и похожи на правила общения в реальной жизни. Общаться в интернете нужно вежливо, обосновывать своё мнение и уважительно относиться к мнению других. В социальных сетях недопустим Язык вражды (Хейт), т.е. высмеивание недостатков кого-либо, оскорбления, клевета, обман. Интернет даёт большие возможности для общения. Но это также означает большую ответственность. Несоблюдение данных правил может привести к негативным последствиям.

Давайте сейчас поупражняемся в правилах сетевого этикета. Зайдите на сайт Медиасабак: **https://mediasabak.org/ru/games/** . Поиграем в игру «Space adventures»




**Вывод:** Цифровизация играет важную роль в улучшении жизни людей не только в Кыргызстане, но и во всем мире. Она делает нашу жизнь легче, удобнее и эффективнее. Чтобы быть готовыми к будущему, важно учиться пользоваться компьютерами и интернетом ответственно!

**Задание 4:** Рефлексия. Продолжи предложение.

Я узнал/ узнала ... .

Мне было интересно ... .

Я смогу ... .

Д. ОРУСБАЕВА,
КАО, завотделом многоязычного и инклюзивного образования;
А. ТЕМИРБЕКОВА,
КАО, ведущий специалист отдела многоязычного и инклюзивного образования

# САНАРИПТИК САБАТТУУЛУК – САПАТТУУ КЕЛЕЧЕКТИН НЕГИЗИ

**1-СЕНТЯБРГА КАРАТА 7-8-9-КЛАССТАР ҮЧҮН БИРИНЧИ САБАКТЫН БОЛЖОЛДУУ СЦЕНАРИЙИ**

***"Санариптик сабаттуулук – бул түрдүү форматтарда жана масштабда компьютерлердин жардамы менен ар кандай булактардан алынган маалыматты түшүнүү жана колдоно билүү"***

*Пол Гилстер*

**Максатты:**
- Окуучулардын санариптик технологияларды натыйжалуу жана коопсуз пайдалануу, интернеттен маалымат издөө жана анын аныктыгын баалоо, жеке маалыматтарды коргоо көндүмдөрүн калыптандырууга көмөктөшүү.

**Негизги түшүнүктөр:** санариптик сабаттуулук, санариптик коопсуздук, жеке маалыматтарды коргоо.

**Сабактын жүрүшү:**

**Окуучулар менен баарлашуу.** «Санариптик сабаттуулук» түшүнүгү менен тааныштыруу.

**Мугалим: -** Адам – бул социалдык жандык. Анын алдыңкы иши – баарлашуу. Убакыт өтсө да, байланышка болгон муктаждык жоголбойт, баарлашуу ыкмалары гана өзгөрөт.


**Сүрөттөрдү көрсөтүү** ***(мүмкүн болсо, проектор аркылуу).***



б.з.ч.- 4 миң жыл



IV-кылым



XVI-XX к.к.



XXI к.

Бүгүн биз «санариптик сабаттуулук», «санариптик коопсуздук», «жеке маалыматтарды коргоо» сыяктуу жаңы түшүнүктөр менен таанышабыз.

**Мугалим:** – Балдар, «санариптик сабаттуулукту» кандай деп түшүнөсүңөр?

Окуучулардын жооптору

**Мугалим:** – Азаматсыңар, жоопторуңар чындыкка жакын болду, эми ушул түшүнүктүн так аныктамасы менен таанышалы: **Санариптик сабаттуулук** – бул санариптик технологияларды жана интернет ресурстарды коопсуз жана натыйжалуу пайдалануу үчүн колдонуучуга зарыл болгон билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйындысы. Эгер биз «санариптик сабаттуулук» деген түшүнүктү бөлүп карап чыксак, анда «санариптик мейкиндикте жашоо көндүмдөрү» сыяктуу нерсе келип чыгат. Бул жөндөмдөр эмне үчүн азыркы муунга маанилүү? Бул олуттуу жана татаал суроо. Биз муну түшүнүүгө аракет кылып көрөлү.


**I *Адамдын сабаттуулугунун жаңы түрү*** – санариптик сабаттуулук, аны менен бир катарда турган эсептөө, окуу жана жазуу жөндөмдөрү. Ошентип, санариптик сабаттуулук тиричилик ишинде санариптик инновацияларды колдонууну камтыйт. Санариптик сабаттуу адамдын негизги көндүмдөрүнүн бири – ар кандай санарип платформа аркылуу текстти терип жөнөтүү жана башка маалымат каражаттары менен маалыматты так баалоо жана жеткирүү:

- Текстти Word жана Excel программаларында иштөө көндүмдөрү;
- Текст, сүрөт жана аудио түзүүнү билүү;
- Дизайн иштеп чыгуу.

Ал эми санариптик керектөөлөрүн жумуш жана жашоо-тиричиликте кандай колдонулаарын карап көрөлү: мобилдик интернет, санариптик каражаттар, массалык медиакаражаттар, жаңылыктар, социалдык тармактар, мамлекеттик кызматтар, медицина, билим берүү, резервдик (булут) технологиялары, онлайн соода жана каржылык операциялар.

***Глобалдык санариптештирүү*** – таасирдүү угулат. Кана эмесе, жөнөкөй сөз менен айтып көрөлү, санариптештирүү бул эмне жана эмне үчүн бардык тармакка пайдалуу? Ар бирибиз жашоо-турмушта онлайн жана оффлайн режиминде өнүмдөрдү (буюм) же тейлөө кызматтарды сатып алабыз, баарлашып жана маалыматты колдонобуз. Санариптештирүү бул процесстерди жеңилдетет.

**Санариптештирүү азыркы тапта кайсы тармактарда колдонулат:**

| | |
|---|---|
| Үй-тиричиликте **WI-FI** |  |
| **Өндүрүштө:** жасалма интеллект, роботтоштуруу |  |
| Мамлекеттик түзүмдөрүндө **https://portal.tunduk.kg/** |  |
| Билим берүүдө **http://biblioteka.kg/** |  |
| **Медицинада:** медициналык жабдуулар, биотехнология, ошондой эле ар кандай кызматтар **registratura.med.kg** |  |

Ошентип, балдар, биз «санариптик сабаттуулук» түшүнүгү менен таанышып, санариптештирүү жашообуздун кайсы тармактарында колдоноорун билдик.

Күн сайын досторубуз жана жакындарыбыз менен бөлүшө турган ар кандай маалыматтар, каалаган убакта карасанатай кол салгандарга тийиши мүмкүн. Бул интернетке карата катаал чындык жана бир күнү ал өтө кымбатка турушу мүмкүн.

***Экинчи түшүнүк – «санариптик коопсуздук».*** Бул эмнени билдирет деп ойлойсуңар?

**II** Интернетте кандай коркунучтар бар?




**III Жеке маалыматтарды интернетте коргоо жолдору:**

- коомдук тармактарда жеке маалыматтарды чектөө;
- достор жөнүндө жеке маалыматты чыгарбоо;
- бейтааныш адамдарга жеке маалыматтарды жөнөтпөө;
- өз аккаунттардан чыгууну унутпоо;
- ачык WI-FI менен колдонбоо;
- жеке маалыматтарды камтыган документтеринин сүрөтторүн жайгаштырбоо.
- компьютерге коргоочу программаны орнотуу жана антивирус программасын жаңыртып туруу.

**Окуп, сүйлөмдү уланткыла:**

| | |
|---|---|
| Эч качан ... билдирбеңиз | Виртуалдык таанышуу сенин оюңдагыдай болбошу мүмкүн |
| Иш учурунда компьютерден терс маалыматтар келсе, дароо... | Социалдык тармактагы таанышууга ишенбе, себеби... болушу мүмкун |
| Өзүңдөн улууларга интернеттеги болгон терс окуяларды кабарлоо зарыл, анткени... | Эсиңде болсун, жарыяланган маалыматтарыңды... |
| Бардык байланыштарды токтотуу зарыл, эгер социалдык тармактарда же чаттарда, кимдир бирөө... | Тармактагы регистрациядан өтүү зарыл болсо... |
| Интернетте таанышып жана жолугушууну кааласаң - ... | Жалпы коом колдонгон компьютерге .... сактаба. |

**IV Рефлексия.**

**Окуучуларга суроолор:**

**1.** Бүгүнкү сабакта кайсы маалымат пайдалуу болду?

**2.** Кайсы маалыматтар силер үчүн жаңылык болду?

**3.** Сүйлөмдүн аягына чыккыла: Мен үчүн интернетте коопсуз иштөөнүн эң негизги эрежеси төмөнкү эрежелер болуп саналат..............

Окуучулардын жооптору

**Мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү.**

# ЦИФРОВАЯ ГРАМОТНОСТЬ – ЗАЛОГ КАЧЕСТВЕННОГО БУДУЩЕГО

**ПРИМЕРНЫЙ СЦЕНАРИЙ ПЕРВОГО УРОКА ДЛЯ 7-9 КЛАССОВ К 1 СЕНТЯБРЯ**

***«Цифровая грамотность – это умение понимать и использовать информацию, предоставленную во множестве разнообразных форматов и широкого круга источников с помощью компьютеров»***

*Пол Гилстер*

**Цель урока:**
- Содействовать формированию у обучающихся навыков эффективного и безопасного использования цифровых технологий, включая поиск информации в интернете, оценку её достоверности, защиту личных данных.

**Оборудование урока:**
**Ход урока:**
Беседа с учащимися. Знакомство с понятием «цифровая грамотность».

**Учитель: -** Человек – существо социальное, его ведущим видом деятельности является общение. Время идет, но потребность в общении не исчезает, меняются лишь способы общения.


Демонстрация рисунков (по возможности - через проектор).



4 тысяч лет до н.э.



IV век




XVI-XX вв.



XXI век

Сегодня хотелось бы познакомить вас с новыми понятиями, такими как «цифровая грамотность», «цифровая безопасность», «защита персональных данных».

**Учитель:** - Как вы думаете, ребята, что же такое «цифровая грамотность»?

**Ответы учащихся**

**Учитель: -** Молодцы. Вы были близки к истине, давайте теперь познакомимся с точным определением данного понятия:

- **Цифровая грамотность** – это набор знаний и умений, которые необходимы пользователю для безопасного и эффективного использования цифровых технологий и ресурсов интернета.

Если разобрать словосочетание «цифровая грамотность» по частям, то получится что-то вроде «навыков жизни в цифровом пространстве». Но что это за навыки и почему они столь критичны для твоего, прежде всего, поколения? Это серьезный и сложный вопрос. Мы все же попробуем разобраться в этом.

**I. Новый вид грамотности человека – цифровая грамотность,** которая стоит в одном ряду с умением считать, читать и писать. Таким образом, цифровая грамотность предполагает использование цифровых новшеств в бытовой деятельности. Одна из главных навыков цифрового и грамотного человека – способность оценивать и четко передавать информацию с помощью набора текста и других средств массовой информации на различных цифровых платформах:

- Навыки набора текста в Word и Excel;
- Создание текста, изображения, аудио;
- Разработка дизайна.

А теперь рассмотрим, как используется цифровое потребление для работы и жизни: мобильный интернет, цифровые устройства, интернет-СМИ, новости, социальные сети, госуслуги, медицина, образование, облачные технологии, онлайн-покупки и финансовые операции.

***Глобальная цифровизация – звучит внушительно***. Расскажем простыми словами, что это такое и почему это хорошо для всех? Для начала разделим нашу жизнь на составляющие. Мы все покупаем товары и услуги в интернете и оффлайн, общаемся и используем информацию. Цифровизация делает все эти процессы более простыми.

**Где применяется цифровизация прямо сейчас:**

| | |
|---|---|
| В быту **WI-FI** |  |
| **На производстве:** искусственный интеллект, роботизация |  |
| В госструктурах **https://portal.tunduk.kg/** |  |
| В образовании **http://biblioteka.kg/** |  |
| В медицине: медицинское оборудование, биотехнологии, а также различные услуги **registratura.med.kg** |  |

Итак, ребята, мы познакомились с вами с понятием «цифровая грамотность» и узнали, в какие сферы нашей жизни проникла цифровизация.

Любая информация, которой мы ежедневно делимся с друзьями и близкими, может в любой момент оказаться у злоумышленников. Это суровая реальность или скорее дань интернету, и однажды она может обойтись слишком дорого.

Рассмотрим второе понятие «цифровая безопасность», как вы думаете, что оно значит?

**Ответы учащихся**

**II. Какие опасности подстерегают нас в интернете?**




**III. Как защитить свои персональные данные в сети Интернет:**

- ограничить объем информации о себе в соц.сетях;
- не выкладывать личную информацию о друзьях;
- не отправляйть свои личные данные незнакомцам;
- не забывать выходить из своих аккаунтов;
- не пользоваться открытыми WI-FI точками;
- не публиковать фотографии своих документов, содержащих персональные данные;
- установите на ПК защитное ПО и следите за регулярностью обновления антивируса.

**Зачитайте и продолжите фразу:**

| | |
|---|---|
| Никогда не сообщай свои... | Помните, что виртуальные знакомые могут быть не теми… |
| Если вас что-то пугает в работе компьютера, немедленно... | Не доверяйте людям, с которыми вы познакомились в социальных сетях, ведь они могут быть… |
| Всегда сообщайте взрослым обо всех случаях в интернете, которые... | Помните то, что когда-либо было опубликовано... |
| Прекращайте любые контакты в социальных сетях или чатах, если кто-нибудь... | Если в сети необходимо пройти регистрацию, то должны сделать ее так, чтобы… |
| Познакомился в сети и хочешь встретиться - … | На общедоступном компьютере не сохраняйте... |

**IV. Рефлексия.**
**Вопросы учащимся:**

**1.** Какую полезную информацию вы получили сегодня на уроке?

**2.** Какая информация была для вас новой?

**3.** Закончите, пожалуйста, предложение: Самым главным правилом безопасной работы в сети интернет для меня является следующее правило..............

Ответы учащихся

Н.МЭЛСБЕК,
старший научный сотрудник лаборатории технологии, искусства и культуры здоровья КАО

# ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ ҮЙ-БҮЛӨ – КҮЧТҮҮ КООМ

**1-СЕНТЯБРГА КАРАТА 7-8-9- КЛАССТАР ҮЧҮН БИРИНЧИ САБАКТЫН БОЛЖОЛДУУ СЦЕНАРИЙИ**

***Менин үй-бүлөм – менин Мекеним***

| Сабактын максаттары | | |
|---|---|---|
| | **Мугалим** | **Окуучу** |
| **Билим берүүчүлүк** | Окуучуларга үй-бүлө коомдун күзгүсү, бактылуулуктун ачкычы жакшылыктын жарчысы экенине түшүнүк берүү жана тарбиялоо | Окуучулар үй-бүлө коомдун, мамлекеттин тиреги, улуттун бешиги экендигин, үй-бүлөлүк мамилелердин баалуулугу экендиги түшүнүктөрү кеңеет |
| **Өнүктүрүүчүлүк** | -үй-бүлөлүк биримдикке, ата-энесин жана бир туугандарын урматтап сыйлай билүүгө, жоопкерчиликтүү болууга туюндуруу;<br>-үй-бүлө биримдик, тынчтык, бактылуулуктун ачкычы, жакшылыктын жарчысы экендигине окуучулардын аң-сезимине жеткирүү | -жеке кызыкчылыктан жалпы кызыкчылыкты жогору коё билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат;<br>- окуучулар үй-бүлө биримдиктин, тынчтыктын, жакшылыктын, бактылуулуктун жарчысы экенине түшүнүктөрү тереңдейт |
| **Тарбиялык** | - окуучуларды патриоттулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка, эмгекчилдикке, кең пейилдикке ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо | -алган билим-дерин турмуш-та пайдалана билүүгө тарбия-ланат<br>-окуучулар бак-тылары ата-эне мээриминде, ал эми ата-эне бак-тысы баласынын ийгилигинде эке-нине түшүнүшүп, үй-бүлөсүн аяр сактоого тар-бияланышат |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

**1.** Окуучулардын үй-бүлө баалулугу жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдесе.

**2.** Окуучулар үй-бүлө коомдун күзгүсү, бактылуулуктун ачкычы жакшылыктын жарчысы экенине түшүнүк алып баалай билүүгө үйрөнүшсө.



**3.** Үй-бүлөлүк биримдикке, ата-энесин жана биртуугандарын сыйлай билүүнү сезишсе.

**Сабактын формасы:** аралаш сабак.

**Сабактын методу:** Маалымат берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.

**Сабактын жабдылышы:** Үй-бүлө жөнүндө сүрөттөр, проектор, слайд, музыка.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Уюштуруу: учурашуу, класста жагымдуу жагдай түзүү.
2. Окуучулар менен баарлашуу

**Мугалим:** - Бүгүнкү өтүлө турган темабыз: "Үй-бүлөдөгү жоопкерчилик – күчтүү коом".


– Үй-бүлө дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Окуучулардын жооптору

**Мугалим:** – Балдар, Конфуций: "Мамлекет – бул чоң үй-бүлө, ал эми үй-бүлө – бул кичинекей мамлекет, ал сүйүүнүн негизинде түзүлөт", - деп жазган.

Тарбия, салт-санаа, келечекке жол үй-бүлөдөн башталат. Бир үй-бүлөдө чоңойгондордун өздөрүнө мүнөздүү адаттары, кылык жолуктары болот.

**Үй-бүлө** – *адамдын жашоосундагы эң ыйык, кол тийгис, айтып бүткүс бакыт. Баланын биринчи мугалими – ата-эне. Балдарга жакшы тарбия берүүгө, жашоосун жакшы жака өзгөртүү үчүн үй-бүлөнүн ролу чоң. Үй-бүлө – бул чакан кичинекей мамлекет болуп эсептелинет. Ошол мамлекетте тынчтык, бейкутчулук болсо, ал үй-бүлө элге үлгү боло алат.*




Балага тарбияны ата-энеси татыктуу берсе, коом да туруктуу, бекем болот. Балдар билимдүү болсо, коом дагы ошончолук билимдүү болот.

**3. Топтор менен иштөө.**

**Мугалим:** – Балдар, жоопкерчилик дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Окуучулардын жооптору

**Мугалим:** – Үй-бүлөдө сенин жоопкерчилигиң кандай? Гүлдөрдүн жалбырактарын толтургула:


**Мугалим:** – Жоопкерчиликтүү үй-бүлө деген эмне? Кайсы үй-бүлөнү жоопкерчиликтүү десек болот?

Окуучулардын жооптору

**Мугалим:** – Бекем үй-бүлө дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Окуучулардын жооптору

**Мугалим:** – Ушул сүрөттөр үй-бүлө деген түшүнүк менен кандай айкалышат?

| | |
|---|---|
| Тамыры бекем дарак |  |
| Буудай талаасы |  |
| Чөл өсүмдүгү |  |

**Окуучулардын жооптору**

Топтор менен иштөө.

**Мугалим:** – Балдар, жоопкерчиликтүү жана бекем үй-бүлө күчтүү коом менен байланышы кандай?


**1-Топ үчүн суроо:** Бекем үй-бүлөө балдарга билим берүүдө таасири кандай?

**2-Топ үчүн суроо:** Жоопкерчиликтүү үй-бүлөө коомго кандай таасир берет?

**3-Топ үчүн суроо:** Үй-бүлөнүн ар-түрдүү кызыгуусу коомдун маданиятына кандай таасир берет?

Топтордун жооптору

**Мугалим:** – Окуучулардын үй-бүлөдө жана мектепте жүрүм-турумдук нормалары жакшы калыптанса, окууган чөйрөсүндө баланын чыгармачылыгы канчалык жогору болсо, анын өнүгүүсү да ошончолук натыйжалуу болот. Ошондо коом да күчтүү болот.




**Мугалим:** – Жашоонун эрежесин танда, эмне үчүн ал эреже сен үчүн маанилүү:

*1. Үй-бүлөңө жоопттуу бол!*
*2. Ишенимдүү жана туруктуу бол!*
*3. Башкаларды сыйлоодо, өзүңдү да сыйлай бил!*
*4. Башкаларга боорукер мамиле жасаганды үйрөн!*
*5. Өзүң менен жана башка адамдар менен ынтымакта жаша.*
*6. Сезгичтикти көрсөтө бил.*
*7. Өзүңө ишенимдүү бол, өзүңдүн үй-бүлөңө татыктуу бол.*

**Үй тапшырма:**

**1)** Үй-бүлөңдүн санжырасын түзүп кел.
**2)** Кайсы каада-салт менен сенин үй-бүлөң бекемделет?



Б. АЛЫМБАЕВА,
КББАнын тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башчысы;
Н. МЭЛСБЕК,
технология, искусство жана дене тарбия маданияты лабораториясынын ага илимий кызматкери

# ОТВЕТСТВЕННАЯ СЕМЬЯ – СИЛЬНОЕ ОБЩЕСТВО

ПРИМЕРНЫЙ СЦЕНАРИЙ ПЕРВОГО ДЛЯ 7-8-9 КЛАССОВ УРОКА К 1 СЕНТЯБРЯ

**Цели:**

**Образовательная:**

- учащиеся актуализируют понятия единства семьи и общества;

**Развивающая**:

- учащиеся определяют важность укрепления престижа и роли семьи в обществе;

**Воспитательная**:

- учащиеся описывают свои чувства к семье, стране; объясняют роль семьи в обществе.

**Ход урока:**

Беседа с учащимися.

**Учитель:** – Семья – основа любого общества. Говорят, что семья – это маленькое государство. Ответственная семья – это фундамент крепкого общества.

**Учитель:** – Какие традиции едины для каждой семьи?





**Ответы учащихся:** Уважение к старшим, забота о детях, любовь к матери – хранительнице и защитнице домашнего очага.

**Учитель:** – Ребята, продолжите дальше пословицы:

- Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан жакшылык көрөсүң. – Если будешь уважать своих родителей, увидишь добро от своих детей.

- На стариках семья держится.

Дети приводят пословицы.

**Учитель:** – Ребята, семья – это великий дар.

Это близкие и родные люди, те, кого мы любим, с кого берем пример, о ком заботимся, кому желаем добра и счастья. Каждый человек всю свою жизнь проводит в семье. Сначала в родительской, потом в своей собственной, затем, возможно, в семье своих детей. Именно в семье ребенок учится трудиться, быть ответственным за свои поступки, заботиться о своих родителях, братьях и сестрах. Ответственная семья формирует сильное общество.

**Заполните лепесточки:**





**Учитель:** – Что такое ответственная семья? Какую семью можно назвать ответственной?

Ответы учащихся

**Учитель:** – Что такое крепкая семья?

Ответы учащихся

**Учитель:** – Как соотносятся эти рисунки с понятием «семья»?

| | |
|---|---|
| **Дерево с крепкими корнями** |  |
| **Пшеничное поле** |  |
| **Пустынное растение «Перекати поле»** |  |

**Ответы учащихся**

**Работа в группах.**

**Учитель: -** Ребята, как соотносятся ответственная и крепкая семья с сильным обществом?

**Тема для первой группы:** Как крепкая семья влияет на образование детей?

**Тема для второй группы:** Как ответственная семья влияет на здоровье общества?

**Тема для третьей группы:** Как разносторонние интересы семьи влияют на развитие культуры в обществе?

Выступления групп

**Учитель: -** Выберите правило жизни, объясните, почему оно для вас важно:

***1. Будь предан своей семье, избегай негативного случая предать ее.***

***2. Будь верен и надежен.***

***4. Уважая других людей, уважай себя.***

***5. Учись сопереживать другим, ставя себя на их место.***

***6. Живи в согласии с самим собой и другими людьми.***

***7. Проявляй чуткость.***

***8. Будь уверен в себе и достоин своего дома.***

**V. Домашнее задание:**

**1)** Составьте генеалогическое древо семьи.

**2)** Расскажите о традициях, которые способствуют укреплению твоей семьи.



А. НИЯЗОВА,
Вице-президент Кыргызской академии образования;
Н.МЭЛСБЕК,
старший научный сотрудник лаборатории технологии, искусства и культуры здоровья КАО;
Д. ОРУСБАЕВА,
заведующая отделом многоязычного и инклюзивного образования КАО

# НАРКТУУ КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ - ӨЛКӨНҮН КЕЛЕЧЕГИ

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРДИН 10-11-КЛАССТАРЫНДА БИРИНЧИ САБАКТЫН БОЛЖОЛДУУ СЦЕНАРИЙИ



**Сабактын максаты:**

- окуучуларда Кыргыз жараны үчүн зарыл болгон, жаратылышка аяр мамиле жасоо, көчмөнчүлүк жашоо образындагы кыргыздардын үй-бүлөдөгү жана күндөлүк тиричиликтеги байланыштары, нарк-насили, адеп-ахлагы, каада-салттары, адаттары жана ырым-жырымдары тууралуу түшүнүктөргө ээ болушат.

- берилген маалыматтарга анализ жүргүзүп, талкуулашат, топ менен чыгармачыл эмгек даярдашат;

- жарандык идентүүлүктүн мисалында Мекенди коргоо, мамлекетти өнүктүрүүгө салым кошуу, табиятты сактоо көндүмдөрү калыптанат.

**Сабакта калыптануучу компетенттүүлүктөр:**

- алынган маалыматтарга баа берүү менен сөз байлыктарын өстүрө алат, курчап турган реалдуулукка карата өз позициясын аргументтүү коргоп, аларды пайда болгон көз караштык системалар менен салыштыра алат;

- өз ойлорун эркин билдире алат, сабак учурунда биргелешип иштөө көндүмдөрүнө ээ болуп, бири-биринин пикирин угуп, өзүн эркин сезип, оюн ачык айта алышат, өз көз караштарын маданияттуу коргой алат;

- жарандык идентүүлүктөрдү айырмалай алуу менен маалыматка аргументтүү корутунду жасоо аркылуу сынчыл ой жүгүртө алышат.

**Сабактын жабдылышы:** Доска, техникалык каражаттар, ватман кагаздар, түстүү маркер, фломастер, скотч ж.б. Мугалим бул сабакта темага тиешелүү түзгөн слайддарды ж.б дидактикалык материалдарды пайдаланса болот.

**Сабакты өтүү боюнча методикалык сунуштар:** 1-сентябрда өтүлүүчү сабакты башталышында мугалим Кыргызстан үчүн маанилүү нормативдик документтин качан кабыл алынгандыгы жана ал эмне тууралуу экендигин кыскача айтып берет. Бул документ 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (1-тиркеме), 2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы тууралуу кенен түшүндүрмө берет (2-тиркеме). Топтордогу ишмердүүлүктү уюштурганда окуучуларга материалдын ссылкасын же кагаз түрүндө таркатса болот.

Сабакка чейин мугалим нормативдик документ боюнча кошумча маалыматтар менен таанышып алышы керек.

**Интернет булактар:**

**https://edu.gov.kg/organizations/21/pages/221/**

http://kyrgyztuusu.kg/?p=43682

**http://www.biom.kg/activities/climate**

**http://www.welcome.kg/ru/kyrgyzstan/region/development/191.html**

**http://www.mkurca.org/temy/gornyye_ecosistemy/**

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын бөлүктөрү | Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучунун ишмердүүлүгү |
|---|---|---|
| **1. Уюштуруу** | Саламдашуу, сабакта жокторду белгилөө | Саламдашат. Суроолорго жооп берүүгө даярданышат |
| **2.Сабактын структурасы** | Мугалим сабактын темасын, максатын,сабактын жүрүшүнүн структурасы менен тааныштырат. | Мугалим менен бирдикте сабактын максатын коюуга катышат |
| **3. 1-этап. Мугалимдин баш сөзү** | Саламатсыңарбы, достор?!<br>Бүгүнкү темабыз: «Нарктуу кыргыз жараны – өлкөнүн келечеги» деп аталат. Бул теманын алкагында силер менен Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү нормативдик документи жөнүндө сүйлөшөбүз.<br>2020-жылдын 13-ноябрында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаров: «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы» жөнүндө Жарлыкка кол койгон. Концепция элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо, жарандык бирдейликти жана туруктуулукту камсыздоого өбөлгө түзүү максатын көздөйт.<br>Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун «2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө» Жарлыкка кол койду. Аталган Жарлыктын алкагында айыл чарба, энергетика, өнөр жай тармактарында экологиялык жана климаттык иш-чараларды жана долбоорлорду ишке ашыруу маселелери, тоолордун экосистемасын коргоо, токой чарбасын, экотуризмди өнүктүрүү каралат. | |
| **4. 2-этап. Суроо-жооп** | Жогоруда аталган нормативдик документтердеги түшүнүктөр боюнча окуучулар менен суроо-жооп өткөрүлөт. | |
| | Суроо:<br>1.Жаран деген ким?<br>2. «Кыргыз Жараны» термини кандай чечмеленет?<br>3. Тоолордун экосистемасы деген эмне?<br>4. Климат деген эмне?<br>5.Эмне үчүн климаттын туруктуулугу маанилүү?<br>6.Бул түшүнүктөрдү эмне байланыштырып турат? | Окуучулар суроолорго жооп беришет. |
| **5. 3-этап. Маалымат берүү** | Кыргыздар жаш муундарды айлана-чөйрөгө этият мамиле кылууга тарбиялап, «Калган журтуң, конгон журтуңдан таза болсун!» деген макалда айтылгандай, экологиялык балансты бузбай, жаратылыш менен таттуу мамиледе болуп, кыргыздардын үй-бүлөдөгү жана күндөлүк тиричиликтеги байланыштары, нарк-насили, адеп-ахлагы, каада-салттары, адаттары жана ырым-жырымдары иштелип чыккан.<br>Душмандардан ата мекенин коргоо жоокердин ыйык милдети болгон. Кыргыздарда жаш жигит үйдө олтуруп калып же дайыма эле айылдын ичинен чыкпай калган учур болгон эмес. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү эркектин кашаңдыгынан өткөн маскарачылык болгон эмес. Тыштан капыстан кол салуу коркунучунун шартында: «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» болууга тийиш болгон.<br>Кыргыздарда элдик баатырларды терең урматтоо салты эзелтен эле калыптанган. Алардын күч-кубаты жана эрдиктери тууралуу ырларды жамакташкан, алардын бейиттери сыйынуучу жайларга айланган (Манас, Тайлак-баатыр).<br>Мейманды урматтаган жана ага үйдөгү бардык жакшы нерселерди: тамак-аштарын, жууркан-төшөктөрүн коногуна арнашкан. Жөн эле жолоочу — «кудайы конок», же атайын чакырылган — «коноктор» болгон. Эгерде боз үйдүн жанына атчан киши келсе, үй ээси сыртка чыгып, аттан түшүүгө жардам берип, үйгө чакырган. Кыргыздарда келе жаткан адамга эмнеге келгени тууралуу суроо уят деп эсептелген. Кыргыздар: «Канча бут кирсе, ошончо кут кирет» деп айтышкан. Адат боюнча үй ээси коноктордун буюмдарынын сакталышы жана аттарынын тоюту үчүн жооп берген.<br>Боз үйгө кирип бара жатканда эшикти үй ээси, чыгып бара жатканда – мейман өзү ачкан. "Конок келди – ырыс ала келди", дешет кыргызда.<br>Жолоочу кайсы адамдын, ага тааныш эмес адамдын үйүнө да конууга укугу болгон. Эттин жакшы кесимин, акыркы сындырым нанын кыргыз мейманына берген. Мейманына ыракат тартуулоо кожоюн үчүн эң чоң кубаныч болгон. Мейман, өзүнө жакшыраак мамиле жасоосун талап кылууга да укугу болгон. Эгерде үйдөн түнөк бербей же начар жууркан-төшөк салып койсо, конок кетип калып, аны айылдаштарына жаманатты кылган. Мейманды жөнсүз кабыл алуу жана ага карата адепсиз мамиле кылуу айыпталган. | |
| **6. Мугалимдин маалыматтары боюнча топтук иштер**<br><br>**Топтор менен иштөө** | Мугалим окуучулардын санына жараша классты топторго бөлөт. | Окуучулар үч топко бөлүнөт.<br>Өз эмгектерин презентациялашат |
| | **1-топ:** Кыргыздар жаш муундарды жаратылышты коргоо боюнча кандай тарбия беришкен?<br>«Калган журтуң, конгон журтуңдан таза болсун!» - деген сүйлөмдүн маанисин чечмелегиле? | 1-топтун окуучуларынын болжолдуу жооптору:<br>Кыргыздар жаш муундарды айлана-чөйрөгө этият мамиле кылууга тарбиялагап, экологиялык балансты бузбай, жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга чакырышкан. «Калган журтуң, конгон журтуңдан таза болсун!» - деген сөздүн маанисин чечмелеп мисал келтиришет. |
| | **2-топ:** Кыргыздар кандай мекенчилдик каада-салттарды иштеп чыгышкан?<br>«Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» - деген сүйлөмдүн маанисин чечмелегиле? | 2-топтун окуучуларынын болжолдуу жооптору:<br>Чет элдик баскынчыларга каршы күрөштө ата мекенин коргоо жоокердин ыйык милдети болгон. Кыргыздарда жаш жигит ата-мекенин коргоого дайыма даяр болгон. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» - деген сүйлөмдүн маанисин чемелеп мисал келтиришет. |
| | **3-топ:** Кыргыздардын мейманростугу.<br>«Кудайы конок», же атайын чакырылган — «коноктор», «Канча бут кирсе, ошончо кут кирет», «Эр азыгы жолдо» - деген түшүнүктөрдү чечмелегиле? | 3-топтун окуучуларынын болжолдуу жооптору:<br>Кыргыздар мейманды абдан кадырлаган. Өздөрү жебестен болгон тамагын коноко арнаган. Кыргыздарда келе жаткан адамга эмнеге келгени тууралуу суроо уят деп эсептелген. Боз үйгө кирип бара жатканда эшикти үй ээси, чыгып бара жатканда – мейман өзү ачкан ж.у.с.<br>«Кудайы конок», же атайын чакырылган — «коноктор», «Канча бут кирсе, ошончо кут кирет», «Эр азыгы жолдо» - деген түшүнүктөрдү чечмелешип мисалдарды келтиришет. |
| **7. Текст менен иштөө** | Каралуучу суроо: Кыргыздардын күндөлүк турмушундагы үй-бүлөлүк каада-салттары. | |
| | Аткаруу түрү: Текст менен иштөө<br>Текст:<br>Кыргыздардын күндөлүк турмушунда үй-бүлөлүк каада-салттар өзгөчө орунду ээлеген. Кылымдар бою калыптанган каада-салттар, көптөгөн муундардын акыл-эсин чагылдырган. Жогорку адептүүлүк улууларды, өзгөчө ата-энелерди урматтоодон, кыйынчылык башка түшкөндө бири-бирине жардам кылууга умтулуудан көрүнгөн.<br>Баланын төрөлүшү кыргыз үй-бүлөсүнүн турмушундагы өзгөчө кубаныч тартуулаган, бактылуу окуя катары каралган. Ата-энелер баланын төрөлүшүнө байланыштуу көптөгөн иш-чараларды өткөрүшкөн. Бир нече адам атка минип алышып, баланын төрөлүшү тууралуу кубанычтуу кабарды, бардык тааныштарына, туугандарына жана досторуна жеткиришип, ал үчүн сүйүнчү алышкан. Ал эми баланы биринчи көргөзгөн адам ата-энесинен жана жакын тууганадарынан көрүндүк алган. Ар бир үй-бүлө өзүнүн мүлктүк абалына жараша жентек же бешик той өткөрүшкөн. | |
| **8. Жыйынтыктоо Баалоо** | Мугалим окуучуларга "Өзүн-өзү баалоо" системасы сунуштайт | Окуучулар өз топторунда тапшырмаларды аткаруудагы аракеттери боюнча өз билимдерин баалашат. |

### 1-тиркеме
### 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн КОНЦЕПЦИЯСЫ (2020-ж. 13-ноябрь)

Концепциянын максаты: Кыргыз жараны деп өзүн таанууну өнүктүрүү жана илгерилетүү үчүн жагымдуу чөйрө түзүү.

Кыргыз жараны - бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны.

"Кыргыз жараны" – "Кыргыз Республикасы" деген аталыштан келип чыгып, өзүнүн этномаданий таандыктыгын сактоо менен бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейлик түшүнүгү.

Ар бир Кыргыз жаранынын өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмушуна катышуусу үчүн бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана коомдо көп түрдүүлүктү сактоо жана толеранттуулукту жогорулатуу жолу менен жетишилет.

**Концепциянын негизги принциптери:**

- Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу;

- Кыргыз Республикасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таандыктыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;

- ыктыярдуулук, көп түрдүүлүктү урматтоо жана таануу, жарандардын укуктары менен милдеттеринин, ар түрдүү көз караштагы ар кандай топтордун ортосундагы тең салмактуулукту камсыздоо;

- Кыргыз жаранын жана мамлекетти өнүктүрүүгө кызыкдар болгон бардык тараптардын өз ара аракеттенүүсү жана өнөктөштүгү.

**Концепциянын артыкчылыктуу багыттары:**

1. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну аңсезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу.

2. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо.

3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү.

4. Башкаруу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууга бирдей шарттарды түзүү.

5. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу.

### 2-тиркеме
### Кыргызстанда 2022-жыл Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыяланды

Эмне үчүн климаттык туруктуулукту жана тоолордун экосистемасын сактоо маанилүү?!

**Аба ырайы** – анык бир убакта жер шарынын анык бир жериндеги атмосферанын физикалык (абанын температурасы, шамал, нымдуулук, күндүн ысыгы, булуттануу, кар, жаан-чачын, туман ж.б. климаттын элементтери) же Жердин климаттык абалы.

**Климат** – бул белгилүү бир географиялык аймактын ондогон жылдардагы аба-ырайынын жыйындысы.

